**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**
**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 13.09.382 диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 370:371.035.6

**КУТАНОВА РАНО АЛЫМБЕКОВНА**

# ЖЫЙЫРМАНЧЫ КЫЛЫМДЫН БАШЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯСЫНЫН МУРАСТАРЫНДАГЫ УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАР АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫ АТА МЕКЕНДИ СҮЙҮҮГӨ ТАРБИЯЛОО

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окмуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2010**

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору ,профессор Рахимова М.Р.

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Осмонкулов А.О.**
педагогика илиминин кандидаты, доцент **Алимбеков А.А.**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети

Диссертация 2010 –жылдындын 26 мартында саат 13 00. Кыргыз билим берүү академиясы жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13. 09. 382 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: **720040, Бишкек шаары,**
**Эркиндик гүлбагы, 25.**
Диссертация менен Кыргыз билим берүү академиясынын илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферет 2010-жылы 26-февральдаФ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин
доктору Калдыбаева А.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Коомдо болуп жаткан саясий, социалдык-экономикалык өзгөрүштөр билим берүү жана тарбия иштерине да таасир тийгизүүдө. Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасы өзүнүн эгемендүүлүгүн алгандан бери жаштардын мекенди сүйүү сезимдерин ойготуу багытындагы иш-чараларды кайрадан карап чыгуу, аларды коомдогу өзгөрүштөргө, замандын талабына карай уюштуруу талап кылынууда. Кыргыз жаштарын мекенди сүйүү рухунда тарбиялоо үчүн кыргыз тарыхын окуп билүү жана элге кызмат кылууга шарт түзүп берүү максатында "Кыргыз Республикасынын жаңы конституциясы", "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы, "Тарбиялоо концепциясы" ж.б. мамлекеттик деңгээлдеги маанилүү документтер кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын жарандары жаш муундарды тарбиялоодо кыргыз элинин каада-салттарын, үрп-адаттарын үйрөтүп, өткөөл мезгилдеги тарыхы менен тереңирээк тааныштыруу-тарбиянын негизин түзүшү ыктымал. Дүйнө эли тааныган тарыхый инсандар болуп саналган XX кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн өмүр баяны жана эмгектери менен жаш муундарды тааныштырып, алардын мурастарындагы улуттук баалуулуктарды аң-сезимдерине сиңирүү аркылуу, алардын Ата мекенге болгон сүйүү сезимдерин ойготуп, калыптандырууга көңүл бөлүү керектигин мезгил өзү көрсөтүп жатат. Бул максатта биз жогоруда көрсөтүлгөн мезгил аралыгындагы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн аткарган кызматтары менен алардын калтырган тарыхый-педагогикалык мурастарына өзгөчө көңүл бурушубуз керек.

Кыргызстанда 20-30-жылдардагы интеллигенциясынын өкүлдөрүн төмөнкүдөй топторго бөлүүгө болот:

1. Коомдук-саясий ишмерлер;
2. Агартуучулар;
3. Айыл-чарба ишмерлери ж.б.

Биз өз изилдөөбүздө кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн ичинен И.Арабаев, Ж.Абдырахманов, Т.Айтматов, О.Алиев, Б.Данияров, Т.Жолдошов, Б. Исакеев, С. Карачев, С.Наматов, А.Орозбеков А.Сыдыков, К.Тыныстанов, А.Шабданов, Э.Эсенаманов сыяктуу ишмерлердин баа жеткис эмгектериндеги улуттук баалуулуктардын негизинде жеткинчектерди тарбиялоо кыргыз элинин болочогун чыңдоочу кубаттуу күч деп эсептейбиз. Кыргыз элин саясий-экономикалык көз карандылыктан азаттыкка чыгарууну көздөгөн эр азаматтардын аткарган кызматтары азыркы кезде кайрадан баалоону талап кылып турганы белгилүү. Мындай иш Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүккө ээ болуп, өз алдынча мамлекет болгон кезден башталды жана совет өкмөтүнүн саясий-идеологиялык иш-аракетинин натыйжасында саясий куугунтукка учураган кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн акталышынан көрүндү. Алардын ичинде алгачкы агартуучу жана педагог И.Арабаев; таланттуу акын, белгилүү тилчи, биринчи кызыл профессор

К.Тыныстанов; бир нече алгачкы окуу китептеринин авторлору А.Шабданов, С.Наматов, С.Карачев; жогорку окуу жайларды ачып, эл агартуу кызматкерлерин даярдоо жана кесиптик билимин жогорулатуу ишине чоң салым кошкон Б.Данияров; "Эркин Тоо" гезитин чыгарууга жардам берген О.Алиев; маданий-агартуу иштерин жолго коюу үчүн бардык күчүн жумшаган Т.Жолдошов; саясий, коомдук жана агартуу иштерин өнүктүрүүгө, кыргыз мамлекетинин өз алдынча болуусуна чоң салымдарын кошушкан А.Сыдыков, Ж. Абдрахманов, Т. Айтматов, А. Орозбековдор; "Кызыл Кыргызстан" гезетинин редактору, кыргыз элин дыйкан жана мал чарбачылыгын интенсивдүү жолго түшүргөн Б. Исакеев; "Кыргызстанда мал чарбасын өнүктүрүүнүн мамлекеттик планы" боюнча иштеген Э. Эсенамановдорду атоого болот.

**Иштин изилденүү деңгээли.** XX кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарын элге жайылтуу боюнча бир нече окумуштуулар илимий эмгектерин тартуулашкан. Алар: тарыхчы окмуштуулар Ж. Жунушалиев, С. Бегалиев, З. Курманов, В. Плоских, Э. Маанаев, ж.б., адабиятчы окумуштуулар С. Жигитов, Э. Турсунов, педагог окумуштуулар А.Осмонкулов, К. Сартбаев, И. Семенов.

Алардын эмгектеринде XX кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз интеллигенциясынын саясий-агартуучулук иш-аракеттери, чыгармачылык эмгектери тууралуу, жазыксыз жерден репрессияга учурап, андан ары атылып кеткен инсандар 1957-жылы акталганы жөнүндө баяндалган тарыхый изилдөөлөр, илимий-популярдуу эмгектер жана макалалар жарыяланган. Кыргыз интеллигенциясынын саясий-социалдык иш-аракеттери менен чыгармачылык мурастарын окуп үйрөнүү боюнча жазылган эмгектерде, интеллигенциялардын көз караштары Кыргыз мамлекетинин калыптаныш маселесине, ошол кездеги заман талаптары менен агымына карай айтылгандыгы каралган.

Бирок, аларда кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенин сүйүүгө тарбиялоо маселелери атайын каралып, өз алдынча илимий иштер жүргүзүлгөн эмес. Жалпысынан алганда, кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоо керектиги эч кандай каршылыктарды туудурбайт. Анткени, Кыргыз Республикасында жашаган башка улуттардын жаш муундарын ата мекенди сүйүүгө тарбиялоодо кыргыз интеллигенциясынын патриоттук иштери менен алардын эмгектерин окутуу, үйрөтүү аркылуу алардын башка улуттарды жана элдерди урматтап, сыйлоо сезимдерин арттырууда өз үлүшүн кошот деген ойдобуз. Бул жагынан алардын мекенди сүйүү сезимдерин бүгүнкү күндүн талабына ылайык окуп үйрөнүү жагы колго алынбаганы белгилүү болуп жатат. Азыркы мезгилде окуучуларды тарбиялоодо бул маселе өтө маанилүү, себеби мектептерде жана жогорку окуу жайларында патриоттук тарбия берүү багытына Совет өкмөтүнүн мезгилинде өзгөчө көңүл бөлүнгөнү менен кийинки кездерде начарлай түшкөнү байкалат.

Республикада патриоттук тарбиялоо маселелерине арналган илимий изилдөө иштер арбын жаралууда. Алсак, окутуу жана тарбиялоону өркүндөтүү маселелеринин тарыхы, тажрыйбалары (Ж.Аманалиев, М.Р.Балтабаев, А.Э.Измайлов, Л.П.Мирошниченко, М.Р.Рахимова ж.б.), элдик педагогика идеялары жана тажрыйбалары (Х.Ф.Анаркулов, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, А.Т.Калдыбаева, Ж.И.Койчуманов, С.Н.Пак, Т.В. Панкова ж.б.), жергиликтүү жана мектеп шарттарына байланыштуу тарбиялоо жумуштары (К.А.Калимов, Б.Тойбаев, К.Ташыбеков ж.б.), улуттук традициялардын маданий-педагогикалык аспектилери (А.Акматалиев, А.Алимбеков, Б.А.Апышев, А.Аттокуров, Ж.Б.Бешимов, С.Иптаров, Т.О.Ормонов, С.М.Саипбаев ж.б.), тарбиялоодо коомдук уюмдардын ролу (У.Д.Дүйшеева, Э.Т.Токсонбаева ж.б.), ар түрдүү улуттагы окуучулардын баарлашуу маданиятын калыптандыруу (Н.А.Асипова, Г.Карабалаева, Э.Ш.Нусубалиева ж.б.), чыгармалар аркылуу инсандык адепти тарбиялоо жана калыптандыруу (Н.И.Имаева, Р.И.Курманходжаева ж.б.), Э.Арабаевдин агартуучулук ишмердүүлүгү жана педагогикалык мурастары (М.М. Эсенгулова), окуучулардын жарандык сапаттарын калыптандыруу (В.В.Панков ж.б.), мектепке чейинки мекемелерде элдик педагогика үлгүлөрүнүн таасирлери (Т.А.Конурбаев, Т.А.Орусбаева, Н.Н.Палагина, К.Ф.Тешебаева, Т.Э.Уметов ж.б.) жөнүндөгү проблемалар изденген.

Жогорудагы илимий педагогикалык изилөөлөрдө улуттук патриоттуулукка, Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо маселелери каралганы байкалат. Ошентсе да, кыргыз ойчулдарынын, ырчын-акындарынын мурастарындагы Мекенди сүйүү идеялары мындан дагы терең комплекстүү түрдө изилденүүгө тийиш. Мындан сырткары, **кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу мектеп окуучуларын Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо** өтө маанилүү, бирок бул боюнча атайын изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Ошондуктан бул тема бүгүнкү күндө актуалдуу маселелерден болуп эсептелет.

Ошондой эле, педагогикалык тажрыйбаларды талдоодо адабият жана тарых окуу предметинин тарбиялык мазмундук мүмкүнчүлүктөрүн максатка ылайык колдонуу ишинде жетишпестиктер бар экендигин көрсөттү.

Бул жагдайлар социалдык талаптар, окутуу тажрыйбасынын абалы менен теориялык изилдөөлөрдүн жетишсиздигинин арасындагы **карама-каршылыкты** пайда кылып, аны жоюу үчүн илимий негизделген педагогикалык мамилелерди **изилдөө проблемасы** аныкталды. Ал болсо жогорку класстарда “Жыйырманчы кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо” деген илимий теманы тандап алууга түрткү болду.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу мектеп окуучуларын мекенди сүйүүгө тарбиялоонун теориялык негиздерин аныктап, аны мектептин окуу-тарбия

процессинде пайдалануунун таасирдүү жолдорун сунуш кылуу жана ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо .

**Изилдөөнүн объектиси:** Жалпы билим берүүчү мектептеги окутуу-тарбиялоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** XX кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу мектеп окуучуларын мекенди сүйүүгө тарбиялоо процесси.

**Изилдөөнүн илимий божомолу:** Эгерде кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоонун илимий негизи түзүлсө, сабак процесси оюн, инценировка, фантазия, тренинг, диалогдор аркылуу моделдештирилип, ырааттуу түрдө колдонулса, анда мурастар аркылуу окуучулардын патриоттук сапаттарын калыптандырууга, улуттук баалуулуктарды баалоого, Ата мекенди сүйүүгө сапаттарын жогорулатат.

Коюлган максаттын жана илимий божомолдун негизинде **төмөндөгүдөй милдеттер** коюлду:

– философиялык, педагогикалык, саясий-социологиялык, психологиялык адабияттарды үйрөнүү аркылуу баалуулук түшүнүгүн тактоо;

– XX кылымдагы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн мурастарындагы улуттук баалуулуктарды аныктоо;

– аныкталган улуттук баалуулуктар аркылуу мектеп окуучуларын мекенди сүйүүгө тарбиялоонун мазмундук-түзүлүштүк моделин иштеп чыгуу;

– мектеп окуучуларын мекенди сүйүүгө тарбиялоо багытында илимий жактан негизделген сунуштарды иштеп чыгуу;

– түзүлгөн каражаттарды тажрыйбалык-эксперименталдык окутуу процессине киргизүү жана анын эффективдүүлүгүн текшерүү.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи катары** жеке инсанды тарбиялап өстүрүү жана инсан катары калыптандырууга байланыштуу диалектикалык өнүгүү мыйзамдары; таанып-билүү теориясы; тарбия теориясы; Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы”, билим берүүнү өнүктүрүүгө байланыштуу документтер; программалар.

**Изилдөө методдору:**

– проблема боюнча илимий-педагогикалык изилдөөлөргө, кыргыз интеллигенциясынын таалим-тарбиялык эмгектерине тарыхый-салыштырмалуу талдоо жасоо;

– тарбиялоо проблемасына, окуучулардын ишмердүүлүгүн калыптандырууга, окуу предметтеринин тарбиялык аспекттерине тиешелүү психологиялык, педагогикалык жана методикалык адабияттарга теориялык талдоо жүргүзүү;

– педагогика илимдерине мүнөздүү болгон тажрыйбалык-эксперименттик иштер.

Изилдөөнүн жетектөөчү идеясы – Кыргыз интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрүнүн ишмердүүлүктөрүндөгү жана эмгектериндеги улуттук

баалуулуктар, мектеп окуучуларын патриоттуулукка тарбиялоодогу негизги каражаттардын бири болуп саналат.

**Изилдөө үч этапта өткөрүлдүү:**

**Биринчи этапта** (2000-2004-жж.) кыргыз интеллигенциясынын иш-аракеттери жана жарыяланган эмгектери изилденип, талдоо жүргүзүлдү. Изилдөө ишинин түшүнүктүк-категориялык аппараттары аныкталып, кыргыз интеллигенциясынын эмгектерин окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоодо пайдалануунун илимий-теориялык негиздери такталды.

**Экинчи этапта** (2005-2006-жж.) кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар такталды, окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоонун мазмундук-түзүлүш модели иштелип чыкты, тиешелүү көрсөткүчтөр белгиленип, окуучулардын мекенди сүйүүгө болгон сезимдеринин деңгээлдери аныкталды.

**Үчүнчү этапта** (2007-2008-жж.) “Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекен сүйүүчүлүккө тарбиялоо” деген атайын курстун программасы түзүлүп, темага байланыштуу тарбия иштерин уюштуруунун жолдору белгиленип, аларды окуу-тарбия процессинде текшерүүнүн натыйжасы жалпыланды.

**Изилдөө базасы** катары № 71, №83 орто мектептери (Бишкек шаары), Военно-Антоновкадагы гимназия мектеби (Сокулук району), Кайкин атындагы жалпы билим берүүчү орто мектепби (Түп району) жана И.Арабаев атындагы КМУнун квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо институту тандалып алынды. Жалпысынан, тажрыйба–сынактык процесске 460 окуучу, 150 мугалим жана 144 ата-эне катышты.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

– Изилдөөгө дуушар болгон илимий-педагогикалык түшүнүктөрдүн (атуулдук баалуулук, патриоттуулук, Ата мекенди сүйүү, Мекенди сүйүү, элин сүйүү, улутун сүйүү ж.б.) мазмуну философиялык, педагогикалык, психологиялык жактан талданып, учурдун талабына ылайык тактоолор киргизилди.

– Инсанды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоодо пайдаланууга сунуш кылынган кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн мурастарындагы улуттук баалуулуктардын мазмуну аныкталды.

– Окуучуларды патриотизмге тарбиялоонун психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү жана мазмундук-түзүлүш модели иштелди жана ал мектептеги окуу-тарбия ишинин ыргагына шайкеш келтирилди.

– Окуучулардын Ата мекенди сүйүү сапаттарынын критерийлери, көрсөткүчтөрү, аларга жараша ар кандай деңгээдлери аныкталды.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:**

– адабият жана тарых сабактарын окутууда кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо каражаттары, аларды колдонуу шарттары жана ыкмалары аныкталды;

– жогорку класстарга арналган атайын курстун программасы иштелип чыкты.

**Изилдөө ишинин практикалык мааниси.** Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоону мектепин жогорку класстарында окутулуучу предметтерди окутуу жана сабактан тышкаркы убакта ишке ашырууда сабакты уюштуруунун жолдорун жана методдорун мугалимдер тарбия ишинин сапатын жогорулатуу максатында пайдаланса болот; аларга окуу материалдарынын мазмунун конструкциялоодо жана методикалык колдонмолорду жазууда жардамын тийгизет; изилдөөнүн теориялык жоболору педагогикалык окуу жайларынын студенттерине, жаш изилдөөчүлөргө жана методисттерге тарбиялоо проблемаларын чечүүгө көмөктөшөт.

**Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү.** Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекен сүйүүгө тарбиялоо иштери илимий-теориялык жактан негизделип жана анын мазмундук-түзүлүш модели түзүлүп, ага мүнөздөмө берилди. Ошону менен бирге түзүлгөн моделдин иш-тажрыйбада таасирдүүлүгү эксперименттик изилдөөдө далилденип, мектептердин окуу-тарбия иштерине жана 9-11-класстын окуучуларына атайын курс үчүн окуу-методикалык колдонмо түзүү менен аныкталды.

Алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоонун теориялык негиздерин иштеп чыгууда: философиялык жоболорго таянуу, изилдөөнүн милдеттерине адекваттуу болгон методдордун колдонулушу, тажрыйбалык-эксперименттик окутуунун оң натыйжалары аркылуу тастыкталгандыгы менен камсыздалат.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана практикага киргизилиши.**

Изилдөөнүн негизги жана айрым натыйжалары республикалык педагогикалык окууларда, илимий-практикалык, илимий-методикалык конференцияларда, Кыргыз Республикасынын билим берүү академиясына караштуу педагогика бөлүмүндө, мектептердин жогорку класстарынын мугалимдеринин семинарларында (Бишкек, Ысык-Көл) кеңири талкууланды. Автор тарабынан иштелип чыккан методикалык сунуштар, тарбиялык каражаттар педагогикалык журналдарга жарыяланган макалалар, тезистер жана лекция, семинар, конференцияларда студенттердин, мугалимдердин алдында чыгып сүйлөөлөр аркылуу жайылтылды.

**Жактоого коюлуучу негизги жоболор:**

– кыргыз интеллигенциясынын мурастарын үйрөнүүнүн негизинде аныкталган “улуттук баалуулуктар”, “мекенди сүйүү”, “башка элдерди урматтоо” түшүнүктөрүнүн жаңы такталган мазмуну;

– окуучуларды кыргыз интеллигенцияларынын мурастарындагы улуттук баалуулуктардын негизинде мекенди сүйүүгө тарбиялоонун мазмундук-түзүлүш модели, ага тиешелүү критерийлер жана көрсөткүчтөр;

– жогорку класстын окуучуларына адабият, тарых предметтерин окутуунун мазмунуна толуктоолор жана класстан тышкары тарбия берүү процессинин мазмуну;

– өткөрүлгөн эксперименттин жыйынтыктары жана методикалык сунуштар.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Илимий изилдөө киришүүдөн, эки баптан, корутундудан, 153 аталыштагы пайдаланган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 145 бет.

Киришүүдө теманын тандалып алынышы жана анын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн проблемасы, максаты, объекти, предмети, теориялык жаңылыгы, практикалык мааниси ачылып, милдеттери коюлган.

**Биринчи бап** "Жыйырманчы кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо илимий педагогикалык проблема катары" – деп аталып эки параграфтан турат.

Анда "улуттук баалуулуктар", "Ата мекенди сүйүү" деген түшүнүктөр илимий–педагогикалык жактан изилденип, улуттук баалуулук аркылуу мекенди сүйүүгө тарбиялоонун социалдык-философиялык, психологиялык-педагогикалык шарттары аныкталды. Кыргыз интеллигенцияларынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоонун мазмундук-түзүлүш модели даярдалып, ага мүнөздөмө берилди.

**Экинчи бапта** "Жыйырманчы кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды патриотизмге тарбиялоонун педагогикалык шарттары" деп аталат. Ал дагы эки параграфтан турат, тарбиялоонун усул-ыкмалары караштырылып, аны иш жүзүнө ашыруу жолдору аныкталды. Изилдөөнүн теориялык негиздерине таянып даярдалган мектеп окуучуларын предметтик-сабактарда жана сабактан тышкаркы иштерде мекенди сүйүүгө тарбиялоонун "Кыргыз интеллигенцияларынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоо" деген атайын курстун программасы менен мугалимдерге арналган окуу-усулдук колдонмого мүнөздөмө берилди. Даярдалган программа боюнча өткөрүлгөн педагогикалык-тажрыйбалык иштердин натыйжалары баяндалды.

Корутундуда изилдөө иштеринин жыйынтыктары чыгарылып, жалпы сунуштар берилди.

Тиркемелерде сурамжылоо, тест суроолору, сабактар менен тематикалык кечелердин үлгү-пландары, окуучулардын чыгармачылык китептери ж.б. тиркелди.

# ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Азыркы кезде Кыргызстан жаштарын Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо элибиздин эгемендүүлүгүн сактап, өнүккөн элдердин катарына кошулуу маселеси өтө маанилүү болуп турат.

Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын тарбиялоо концепциясында (2002-ж.) "... патриот – атуулдук сапаттарды тарбиялоо" жана "аскердик патриотизмге көбүрөөк көңүл бөлүү" талабы коюлган. Анткени, Кыргызстанды мекендеген көптөгөн улуттар жана улут өкүлдөрүн "Биз Кыргызстандыкбыз" дей тургандай жалпы мекенди сүйүү сезим бириктирип турушу тийиш. Андыктан, эң мурда ушул мамлекеттин аталышына ээ болгон кыргыз элинин мекенди сүйүү сапаттары эң жогорку деңгээлде болуусу керек. Ошондо гана башка мекендештерибиз Кыргыз Республикасын чын эле өз мекенибиз деп эсептей турган абалга жетет. Ал эми мекенди сүйүү тарбиясынын анык булагы мектептен башталаары белгилүү. Мектепте окулуучу сабактарда да, сабактан тышкаркы иш аракеттерде да уюштурулушу тийиш. Ошондуктан, "патриотизм" деген түшүнүккө тиешелүү сөздөрдүн мааниси такталды. Жалпы "патриотизм" деген түшүнүккө байланыштуу, "Ата мекенди сүйүү" "мекенди сүйүү", "элин сүйүү" же "улутун сүйүү"деген сөздөрдүн маанилери педагогикалык жактан аныкталды.

**Педагогикалык сөздүктө:** "Баалуулук – адамдын ички сыры, жан дүйнөсү, сезими, адамдар менен карым-катнашы, изгилиги, иш-аракетте билине турган кайрымдуулугу, туруктуулугу, мээримдүүлүк тарбиясы" – деп берилген. Ушул белгиленген баалуулуктарды таратуучулар: жеке инсандар, социалдык топтор, саясий көз караштары бирдей кишилер ж.б. Анын ичинде XX кылымдын башында жашаган кыргыз интеллигенциясы өзгөчө орунду ээлейт. Алардын мурастарында коомдогу бардык баалуулуктар сакталып калгандыктан жаш муундарга жеткирүү биздин милдет деп эсептейбиз.

Улуттук баалуулук белгилүү бир улутка таандык, адам баласындагы, карым-катнаштагы, уруу-уруктун баалуулуктарынын жетилген бир белгиси. Улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды патриотизмге тарбиялоодо жалпы Ата мекенди сүйүүгө байланыштуу "мекенди сүйүү", "элин сүйүү" же "улутун сүйүү" – деген түшүнүк терминдери көп колдонулду. Ушул түшүнүктөрдүн маанилерин тактоо максатында философиялык, педагогикалык, психологиялык, этикалык сөздүктөргө жана энциклопедияга кайрылып, аларга педагогикалык жактан аныктамалар берилди.

**Философиялык жактан** "патриотизм (гр. Patris – мекен) – адамгерчилик жана саясий принцип, социалдык сезим, анын мазмуну – Ата мекенди сүйүү, ага адал иш иштөө, анын өткөн жана азыркы тарыхый окуялары менен сыймыктануу, мекендин кызыкчылыгын коргоого аракеттенүү. Патриотизм адамдын миңдеген жылдар боюу жыйналган эң терең сезимдеринин бири".

**Педагогикалык жактан:** "Патриотизм адатта Ата мекенге болгон сүймөнчүлүк деп аталган, белгилүү бир иш аракетте жана коомдук сезимдердин күрдөлдүү жыйынтыгынан байкалган, балдардын мекенге деген көз карашын мүнөздөгөн коомдук жана адамкерчилик принциби".

"Патриотизм – Ата журтту жакшы көргөндүк, ага берилгендик, өз иш-аракети менен анын мүдөөсү үчүн кызмат кылууга умтулгандык" – деп **Кыргыз Совет энциклопедиясында** жазылган.

Ошентип, "патриотизм" түшүнүгү жалпы мааниде жеке инсандын белгилүү бир топ же этноско, ошондой эле туулган жерге, элге болгон сүйүүсү, негизги мааниси өз мекенин сүйүү, ага чын дили менен берилип кызмат кылуу дегенди билдирет.

Ал эми "улутун сүйүү" деген түшүнүк жеке инсандын өз улутуна болгон сүйүүсүн билдирсе, "элин сүйүү" анын белгилүү бир этносторго же болбосо мамлекетте жашаган бардык элге деген сүймөнчүлүгү, жеке жана топтук нерседен улут же эл керегин жогору коюу жана адал кызмат кылуу дегенди билдирет. Үй-бүлө тарбиясында патриотизм белгилүү бир этностук, улуттук сапатка ээ болот. Ошол себептүү биз ушул маселеге тиешелүү жеке инсандардын ой-пикирлерин да эске алдык. Мында "улутун сүйүү" менен "улутчулдуктун" өз ара айырмасы чоң. Улуттук рух – бул асыл касиет, улутчулдук – бул улут ичиндеги жеке адамдык сапат.

Ал эми "Ата мекенди сүйүү" деген түшүнүккө биз жогорудагы айтылган ойлорду эске алып, кеңири мааниде төмөнкүчө *аныктама* бердик: "Ата мекенди сүйүү – бул жеке инсандын элине, туулган жерине, тили менен динине, курчаган чөйрөсү менен табиятына, ошондой эле ата-энесине, бир туугандары менен тегерегиндеги жашаган элдерге болгон сүймөнчүлүк менен жоопкерчилик сезими" деп түшүнөбүз. Мындай касиеттерди калыптандыруу, улутубуздун улуу интеллигенцияларынын мекенди сүйүү аракеттери, алардын мурастарындагы улуттук баалуулуктарды иш жүзүнө ашырса болорун, анын таасирдүүлүгүн илимий изилдөө аркылуу далилдөөгө аракеттендик.

Кыргыз интеллигенциялары билим алып, билимдүү, сапаттуу адамдардын катарына кошулганынан баштап окуу-билим алууну самаган элге жардам көрсөтүү максатында, газет-журналдар чыгарууга аракеттенишкен.

Совет өкмөтү толук орногондон кийин "Алаш" партиясынын мүчөлөрү саясий-социалдык күрөш арасында жана агартуучулук, сабатсыздыкты жоюу ишине чечкиндүү киришет. Башталгыч, орто жана жогорку окуу мекемелерине арналган көптөгөн окуу китептерин жана окуу куралдарын жазышат. Бул кыргыз интеллигенциясынын мекенди сүйүүгө болгон улуттук илимди өнүктүрүү багытындагы көрүнүшү.

Ошентип, кыргыз интеллигенциясынын иш-аракеттери менен чыгармаларындагы улутун сүйүү жогорку даражадагы мекенди сүйүүгө сезимдерин өстүрүүдө пайдаланууга боло тургандыгы байкалды. Ошондуктан, алардын мурастары аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоо мүмкүндүктөрүн жана аларды предметтик сабактарда (адабият, тарых) жана сабактан тышкаркы иш-чараларда пайдалануу жолдорун караштырдык.

Кыргыз интеллигенциясынын мекенди сүйүү идеялары негизинен окуу китептер, окуу куралдар жана методикалык колдонмолордо берилген. Алардын эмгектериндеги мекенди сүйүүгө тарбиялоо эң оболу алгачкы кыргыз гезит-журналдарын чыгаруу жана аларга жарыяланган макалаларда кеңири

баяндалат. Диссертацияда агартуучулар: И.Арабаев, О.Алиев, Б.Данияров, Т.Жолдошов, С. Карачев, С.Наматов, К.Тыныстанов, А.Шабданов кыргыз интеллигенцияларынын мурастарындагы улуттук баалуулуктардын мүмкүндүктөрүнө карай окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо каралды

**Таблица 1**

**Инсанды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоодо пайдаланууга сунуш кылынган кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн мурастарындагы улуттук баалуулуктар:**

| № | Агартуучу интеллигенциялары | Улуттук баалуулуктар |
|---|---|---|
| 1 | И.Арабаев "Кыргыз алиппеси", "Табият таануу алиппеси", "Жазуу өрнөктөрү", ж.б. эмгектери. | Кыргыз мектебин куруу, алиппе жазуу, билим берүү, сабатсыздыкты жоюу, улутун сүйүү намыскөйлүк сезимдерин тарбиялоо. |
| 2 | Б.Данияров "Эне тилин окутуу методикасы", "Арифметика сабагынын методикасы", "Маселелер жыйнагы", "Борбордук кыргыз педагогика техникуму" ж.б. | Билим берүү, окутуу, мугалимдердин билимин жогорулатуу, аялдар меселеси, кыздарды окутуу, улуттук кадрларды даярдоо, мектеп ачуу, балдарды окууга тартуу, улутун сүйүүсү. |
| 3 | К.Тыныстанов "Окуу китеби", "Ырлар жыйнагы", "Чоңдор үчүн алиппе", "Кыргыз тилинин морфологиясы", "Кыргыз тилинин синтаксиси", "Академия кечелери", котормолору. | Кыргыз тилин өнүктүрүү, билим берүү, сабаттуу болуу, тилдин тазалыгы, байлыгы, байланышын кеңейтүү, терминдер, алфавитти кабыл алуу. Сыймыктануу, улутун сүйүү, элин сүйүү, билимге умтулуу, эл жер үчүн кызмат кылуу, улут мүдөөсү үчүн иштөө. |
| 4 | С.Наматов "Тунгуч", "Балдар алиппесинин көрсөтмөсү", "Тынымкан", "Студент менен туташ", "Шоокумсуз тилек", "Он алтынчы жыл" пьесасы. | Мекен сүйүү, улут маселеси, тең укуктуулук, шайлоонун ачыктыгы, чындыгы, сабат ачуу, билимге элди сугаруу, аялдардын теңдиги, боштондугу. |
| 5 | Т.Жолдошев "Колхоз курулушу жөнүндө", "Маданий курулуштун милдеттери жөнүндө" ж.б. | Чарбачылык маселеси, колхоз курулушу, элдин жашоо тиричилиги, клуб, мектеп, музей, театр, мончо куруу маселелери. |
| 6 | С.Карачев "Төрага Зейнеп", "Эрксиз күндөрдө", "Эрик таңында", "Теңдик жолунда". | Аялдар теңдиги, элин сүйүү, эркиндик, келечек, тил илими, билим алуу, жаштарды улуттук сезимге тарбиялоо. |
| 7 | А.Шабданов. "Эсеп китеби", "Үчүнчү класстар үчүн окуу китеби", "Биздин тил" | Мекенди сүйүү, улут маселеси, тең укуктуулук, шайлоонун ачыктыгы, билим берүү, окутуу, эл жер үчүн кызмат кылуу улут мүдөөсү үчүн иштөө. |
| 8 | О.Алиев "Эркин тоо" гезитиндеги макалалар | Билим, илим, сабаттуулук идеялары, улуттук тарбия, улут мүдөөсү үчүн иштөө. |

XX кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциялары тикелей саясий-тарыхый көтөрүлүштөр жана күрдөөлдүү өзгөрүштөр убагында социалдык, агартуучулук, эр азаматтык маселелерди чечүүгө аралашууга мажбур болушкан. Ошондуктан, алардын өмүрлөрү да, мурастары да окуучуларга

мекенди сүйүүгө тарбиялоодо маанилүү курал боло алат. Алар жөнүндө №1 таблицада толук берилди.

Ошентип, XX кылымдын башындагы баалуулуктарга улуттук мүнөздөмө берилгенине байланыштуу кыргыз интеллигенцияларынын улуттук баалуулуктарын өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө туура келди. Жогоруда белгиленген кыргыз интеллигенциясынын саясий-социалдык иш-аракеттери менен чыгармаларындагы баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоонун өлчөмдөрү менен көрсөткүчтөрү жыйынтыкталып, мазмундук-түзүлүш модели иштелип чыкты.

Модель түзүүдө алынган негизги эрежелер:

– Мектеп окуучуларынын мекенди сүйүүгө тарбиялоонун илимий-педагогикалык негиздерин аныктоодо кыргыздын элдик тарбиясына, адабий жана тарыхый мурастарга, илимий-педагогикалык изилдөөлөргө таяндык.

– XX кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастары аркылуу мектеп окуучуларын патриотизмге тарбиялоо жолдору сабак жана сабактан тышкаркы мектептеги иш-чараларда өткөрүлөт.


– Улуттук баалуулуктар аркылуу мектеп окуучуларын патриотизмге тарбиялоо жолдору мотивациялык (патриотизмдин психологиялык-педагогикалык), таанымдык (патриотизмдик тарыхый таанымдык) жана процессуалдык (патриотизмдин иш-аракеттик) аспектерде иш жүзүнө ашырылат.

– Жүрүш-туруш жөнүндөгү чыгармалар аркылуу окуучулардын патриоттук сапаттарын калыптандыруу өз үй бүлөлүк, улуттук жана Кыргызстандык патриотуулук сезимдеринен байкалат.

Ушунун натыйжасында өзүн, агайын-тууганын, жолдошторун, улутун, мекендештерин сүйгөн жана Кыргызстандын тагдыры, коопсуздугу менен болочогу үчүн өз жоопкерчилигин сезген, Ата мекенди сүйүү сапаты калыптанган инсан тарбияланат деп корутунду чыгарабыз. Моделдин негизинде окуучулардын мекенди сүйүү сапатын калыптандыруунун тасирдүүлүгү педагогикалык-тажрыйбалык иштин аныктоочу экспериментинде төмөнкү маселелерге көңүл бөлүндү.

**Таблица 2**

**Окуучуларды патриотизмге тарбиялоонун психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсү жана мазмундук-түзүлүш модели.**



Кыргыз интеллигенциялары жана агартуучулардын чыгармалары менен окуучулар таанышкандан кийин, кыргыз адабиятынан алган билимдерин кошумча окуу аркылуу толуктап, аларды талдап, өз көз караштары менен баалоого үйрөнүшөт. Буга интеллигенциялардын публицистикалык чыгармаларын да программага кошуу керек дейбиз. Ошондой эле пикир алмашуу, жолугушуу, тематикалык кечелер, тегерек үстөл сыяктуу иш чараларга кошуу да өз натыйжасын бермек.

Ошентип, кыргыз интеллигенциялары менен агартуучуларынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоого байланыштуу өткөрүлгөн иш-чараларда төмөнкүлөрдү пайдаландык:

– кыргыз интеллигенцияларынын өздөрүнүн жазган эмгектери;
– кыргыз интеллигенциялары жөнүндө жазылган изилдөөлөр;
– алар жөнүндө жазылган макалалар, ой-пикирлер, китептер.

Булардын негизинде окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоого арналган педагогикалык-тажрыйбалык иштер төмөнкү багытта өткөрүлдү:

– кыргыз интеллигенциясынын эмгектерин адабият, тарых сабагында пайдалануу;

– кыргыз интеллигенциясынын улуттук баалуулукка арналган мекенди сүйүү идеяларын сабактан тышкаркы иштерде пайдалануу;

– улуттук баалуулуктарды пайдалануу боюнча методикалык колдонмолорду түзүү;

– кыргыз интеллигенциясынын мурастарын пайдалануу эксперименттик сынактарда аныкталды. Окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоо максатында жүргүзүлгөн эксперимент үч этапта (аныктоочу, калыптандыруучу, байкоо) өткөрүлдү. Тажрыйбалык-педагогикалык иштерге 460 окуучу катышты.

Тажрыйбалык-педагогикалык иштин аныктоочу этабында кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар тууралуу окуучулардын түшүнүгү изилденди. Окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоонун өлчөмдөрү менен көрсөткүчтөрү, мекенди сүйүү сапаттарынын калыптануу деңгээлдери аныкталды. Калыптануу сапаттарын текшерүү максатында аңгемелешүү, пикир талаш, тегерек үстөл, пресс-конференция, интервью, сурамжылоо ж.б. уюштурулду.

Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоонун өлчөмдөрү менен көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери төмөнкүлөр:

– окуучулардын өздөрүнө, үй-бүлө жана агайын-туугандарына, жолдошторуна, элине, жерине, айлана-чөйрөсүнө, жалпы жердештери менен мекендештерине болгон сый мамилеси жана жоопкерчилиги;

– мээримдүүлүк, чынчылдык, намыскөйлүк, билгичтик, жоопкерчилик, боорукерлиги сыяктуу сапаттары да ушул көрсөткүчтөрдүн катарына кошуу. Алардын негизинде окуучулардын мекенди сүйүү сапаттарын калыптандыруу белгилери №3 таблицада берилди.

**Таблица 3**

**Окуучулардын Ата мекенди сүйүү сапаттары**

| **Критерийлери** | **Көрсөткүчтөрү** | **Деңгээлдери** | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Төмөнкү** | **Ортоңку** | **Жогорку** |
| Ата-энеси менен туугандарын урматтоо | Үй-бүлө, туугандарын, досторун сыйлоо | Бир туугандык жана жолдоштук сапаттары ачык эмес | Туугандык жана достук сапаттары бар, бирок, туруктуу эмес | Туугандык жана достук сапаттары ачык жана туруктуу |
| Тили менен дилин сыйлоо | Эне тилин сүйүү жана аны аткаруу | Эне тилин сүйүү сапаттары ачык эмес | Эне тилин сүйөт бирок, туруксуз | Эне тилин сүйүү сапаттары ачык жана туруктуу |
| Туулган жерин сүйүүсү | Курчаган айлана - чөйрө менен табиятты коргоо жана сактоо | Туулган жерге болгон сүйүүсү ачык эмес | Туулган жерге болгон сүйүү сапаты бар, бирок, туруксуз | Туулган жерге болгон сүйүү сапаттары ачык, туруктуу |
| Улутун сүйүү сапаты | Өз улутуна болгон сүйүүсү жана мактаныч сезими | Улутуу сүйүү сапаты ачык эмес | Улутун сүйүү сапаты бар, бирок, туруксуз | Улутун сүйүү сапаты ачык, туруктуу |
| Элин сүйүү сапаты | Өз улутун сүйүү жана мекендештерин сыйлоо | Элин сүйүү сапаты ачык эмес | Элин сүйүү сапаты бар, бирок, туруксуз | Элин сүйүү сапаттары ачык, туруктуу |
| Ата мекенди сүйүү сапаты | мекенин сүйөт, анын мүдөөсүн ар убакта жогору кармайт | Ата мекенди сүйүү сапаты ачык эмес | Ата мекенди сүйүү сапаты бар, бирок туруксуз | Ата мекенди сүйүүсү ачык, туруктуу |
| Ата мекенди сүйүү иш-аракеттери | Билгичтик, чын-чылдык, намыс-көйлүк, мээримдүүлүк, жоопкерчилик | мекенди сүйүү иш-аракеттери ачык эмес | Мекен үчүн иштөө сапаты бар, бирок туруксуз | Мекенди сүйүү аракеттери ачык, туруктуу |
| Натыйжасы: | Улуттук баалуулуктар аркылуу Ата мекенди сүйүү сапаттары калыптанган окуучу. | | | |

Ушул көрсөткүчтөр аркылуу окуучулардын мекенди сүйүүгө болгон сапаттарын калыптандыруу деңгээлдери белгиленди.

**Төмөнкү деңгээл:** окуучулардын XX кылымдын башында жашаган кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар жөнүндө

билими бар. Бирок, аны жогоруда аталган сапаттар менен байланыштуу өзүнүн иштеринде көрсөтө албайт.

**Ортоңку деңгээл:** окуучулардын XX кылымдын башындагы жашаган кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар боюнча билими бар. Бирок иш-аракеттеринде көрсөтүүлөрү туруксуз.

**Жогорку деңгээл:** окуучулардын XX кылымдын башындагы жашаган кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар боюнча билими бар. Аны жогоруда берилген сапаттары менен байланыштуу иш-аракеттеринде көрсөтүүлөрү туруктуу.

Белгиленген өлчөмдөр аркылуу окуучулар менен эң мурда аңгемелешүү, сурамжылоо өткөрүлдү. Класстык сааттарда аңгемелешүү жана класстан тышкаркы убакта топ жана жекече аңгемелешүү уюштурдук. Изилдөө көрсөткөндөй окуучулардын улутун сүйүү иш-аракеттери жана жогорку класстын окуучуларынын жалпы мекенди сүйүү сапаттары тууралуу түшүнүктөрү жетишсиз экени байкалды. Ал төмөнкү себептердин салдары деп ойлойбуз:

– окуучуларга улуттук патриотизм жана интеллигенттердин эмгектери аркылуу мекенди сүүгө тарбиялоо иштери жүргүзүлгөн эмес;

– предметтик сабактар жана тарбия сааттарында XX кылымдын башындагы интеллигенциянын улутун сүйүүгө болгон иш-аракеттери менен алардын чыгармаларындагы патриотизм маселелерине көңүл баса бурулган эмес;

– окуган адабияттагы патриотизм жөнүндөгү ойлорго көңүл бөлүнбөй, патриоттук сапаттар тууралуу окуучулардын билимдери жетишсиз деңгээлде калган;

– патриоттук сапаттарды билбегендиктен, алардын улуттук патриотизми тууралуу түшүнүктөрү да жетишсиз калыптанган;

– улуттук патриотизм тууралуу окуучулардын түшүнүктөрү калыптанбагандыктан, алардын патриоттук сезимдери менен сапаттары да өнүкпөй калган. Бул белгиленген кемчиликтер көңүлдүн борборунда болуусу керек.

Ошентип, окуучулардын мекенди сүйүү сапаттары тууралуу жалпы түшүнүктөрү болгону менен кыргыз интеллигенциясынын мурастары аркылуу улуттук баалуулуктары аркылуу мекенди сүйүү сапаттарын калыптандырууга боло тургандыгы жөнүндө ачык жооп беришкен жок. Өз улутуна, элине кызмат кылууну алар жакшы окуу, эмгектенүү, улуттук каада-салттарды сыйлоо сыяктуу жалпы ойдун тегерегинде гана түшүнүктөрү бар экени байкалды. Мунун негизги себептери мектептерде Ата мекенди сүйүү, анын ичинде кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы идеялар тийиштүү деңгээлде тааныштырылбай, ошондой эле предметтик мугалимдер жана класс жетекчилер үчүн патриоттук тарбия жөнүндө теориялык-практикалык атайын курстар уюштурулбаганы жана аларга арналган илимий-методикалык куралдардын жоктугу деп эсептейбиз.

Бул маселелердин оң чечимин табуу үчүн эксперименттик иш-тажрыйбага ылайык аткарыла турган иштердин үлгүлөрү берилди. Ошол

үлгүлөр боюнча класс жетекчилери жана тарбия иштер боюнча директорлордун орун басарлары менен аңгемелешүү жана жолугушуулар өткөрүлдү.

Тажрыйбалык-педагогикалык иштер өткөрүлгөн мектептерде кыргыз интеллигенциясынын мурастарын окуп үйрөнүүдө окуучулардын чыгармачылык изденүүлөрүнө мүмкүндүктөр берүү максатында төмөнкүдөй ар кандай сабак түрлөрү жана усулдар колдонулду:

– Окуучулардын каалаган предметтери боюнча лекция, семинар, экскурсия, пикир талаш, сабак-конференция ж.б. уюштурулду.

– Сабактан тышкаркы убакта окуучулар менен чыгармачылык иштер, адабий кечелер, жолугушуулар, конференция, пикир талаш, викторина-оюндар, баяндама дубал гезиттерин чыгаруу жана түрдүү оюн-зоок кечелер өткөрүлдү.

Жогорку класстын окуучуларына жана студенттерге арналган “Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды патриотизмге тарбиялоо” аттуу атайын курстун программасы даярдалып, лекция жана семинардын темалары белгиленип, эксперименттен өткөрүлдү. Программа кыргыз адабияты менен Кыргызстан тарыхын байланыштырып өтүү үчүн сунуш кылынды. Диссертацияда программанын максаты, негизги милдеттери көрсөтүлүп, кыргыз интеллигенциясынын мурастары аркылуу окуучуларды предметтик сабактарда жана студенттерди атайын курстарда мекенди сүйүүгө тарбиялоо максатында өткөрүлгөн сабактардын, лекциянын, семинардын жыйынтыктары алардын билиминин бир канча жогорулаганын көрсөттү.

Атайын курс жана класстан тышкаркы иш-чаралар өткөрүлгөндөн кийин изилдөө темалары боюнча сурамжылоо, аңгемелешүү кайра жүргүзүлүп, педагогикалык-тажрыйба иштердин алгачкы аныктоочу этабындагы жыйынтыктар текшерилип, натыйжасы пайыздык көрсөткүчтөр аркылуу белгиленди.

**Таблица 4**

**Педагогикалык-тажрыйбалык иштердин аныктоочу жана корутунду этабынын натыйжалары:**

| Мекенди сүйүү сапаттары | Натыйжалары, % | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Эксперименттик топ 220 окуучу | | Байкоо тобу 240 окуучу | |
| | Баштапкы этап | Кийинки этап | Баштапкы этап | Кийинки этап |
| Улутун сүйүү сапаты | 30 | 38 | 31 | 33 |
| Элин сүйүү сапаты | 16 | 25 | 18 | 20 |
| Мекенин сүйүү иш-аракетке умтулуусу | 18 | 22 | 16 | 18 |
| Жооп берүүдө кыйналгандар | 36 | 15 | 35 | 29 |
| Бардыгы: | 100 | 100 | 100 | 100 |

Бул эки топту салыштыра келгенде окуучулардын мекенди сүйүү даражасы эксперименттик топто 21% өссө, байкоо тобунда бул көрсөткүч араң эле 6 % жеткени байкалды.. Бул кыргыз интеллигенциясынын улутун сүйүүгө багытталган иш-аракеттери менен алардын мурасындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоо боюнча биз жүргүзгөн изилдөө ишибиздин оң натыйжа бергенине күбө боло алат.

Ошентип, кыргыз интеллигенцияларынын улутун сүйүүгө болгон иш-аракеттери менен алардын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоо боюнча өткөрүлгөн тажрыйбада төмөнкүдөй жетишкендиктерге ээ болдук:

– окуучулар кыргыз интеллигенциясынын иш-аракеттери менен алардын мурастарындагы улуттук баалуулуктар тууралуу көп маалымат алышты;

– кыргыз интеллигенциялары жөнүндөгү чыгармаларды жана изилдөөлөрдү пайдалана билүүгө үйрөнүштү;

– кыргыз интеллигенцияларынын мурастарын окуп үйрөнүү аркылуу окуучулардын Ата мекенге болгон патриоттук көз караштары кеңейди.

Илимий изилдөө ишибиздин натыйжасында азыркы мектеп окуучуларын жана баштапкы курстун студенттерин мекенди сүйүүгө тарбиялоо жөнүндө өткөрүлгөн педагогикалык-тажрыйбалык иштердин натыйжалары төмөнкүдөй болду:

– окуучулардын кыргыз интеллигенциясынын мурастары менен тереңирээк таанышып, алардын өрнөктүү өмүрүнө болгон кызыгуунун артканын жана дагы өздөрүнүн мекенге болгон көз караштарынын калыптана баштаганын байкадык. Мында тандап алган атайын курс, факультативдик жана класстан тышкаркы иш-чаралардын мааниси зор экени билинди.

– Окуучулар бул сабактарда кыргыз интеллигенцияларынын мекенди сүйүү иш-аракеттери жана алардын мурастарындагы улуттук баалуулуктар тууралуу терең маалымат алышты. Кыргыз интеллигенцияларынын улутун сүйүүчүлүк иштери менен адабият жана тарых сабактары менен факультативдик сабактарда өткөрүлдү. Кыргыз интеллигенцияларынын мекенин сүйүү сапаттары сабак, пикир талаш, сабак-конференция, “Ата бейит” менен тарых музейине экскурсия, тарбия сааттарында тааныштырылды. Окуучулар темаларга кошумча газет-журналдарга чыккан материалдарды пайдаланып, өз мекенди сүйүүгө багытталган сапаттарын сезүү жана аны көрсөтө билүүгө үйрөнүштү.

– Факультатив сабактарында таанышкан мекенин сүйүү түшүнүктөрү сабактан тышкаркы иш-чараларда чыгармачылык менен иштөө жөндөмдүүлүктөрүн да көрсөтө алышты. Алардын иш-аракеттери “Алаш азаматтары”, “Алаш жумалыгы”, “Саясий куугун-сүргүн курмандык күнү”, “Ата Мекенди коргоо күнү”, “Жеңиш күнү”, “Ардагерлер күнү”, “Эгемендүүлүк күнү” ж.б. иш-чараларда көрүндү.

– Педагогикалык-тажрыйбалык иштердин натыйжасында окуучулардын өз элин, жерин, улуттук маданиятын сыйлоо сезими жогорулаганы, анын натыйжасында мекенди сүйүү сапаттарынын деңгээли артканы байкалды.

Илимий изилдөө иштеринин натыйжасында XX кылымдын башындагы кыргыз интеллигенцияларынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучулардын мекенди сүйүүгө болгон сапаттарын калыптандыруу жөнүндө төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

– XX кылымдын башында кыргыз интеллигентциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар: кыргыз эли менен жеринин биримдиги, улуттун эгемендүүлүгү, кыргыз тили менен дилинин тазалыгын сактоо, автономиялуу эркин Кыргызстан мамлекетин куруу, баланы тарбиялоодо улуттук таалим-тарбия, каада-салт, үрп-адат, кыргыз тилиндеги илимий терминдер жана адабият, улутун сүйүү, элин сүйүү, мекенин сүйүү сапаттары ж.б. Булар окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоодо пайдаланылды.

– Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар алардын инсандык сапаттарын калыптандырууда жардам берет.

– Бизге жеткен мурастардагы улуттук баалуулуктар мекенин сүйүүгө тарбиялоонун эң күчтүү куралы болуп саналат.

– XX кылымдын башында кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоонун мотивациялык, мазмундук, иш-аракеттик түзүлүш моделинин негизи болду.

– Окуучуларды мекенди сүйүү сапаттарын калыптандыруу аттуу атайын курс жогорку окуу класстарга билим берүү үчүн иштелип чыкты.

– Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучулардын мекенди сүйүүгө болгон сапаттарынын өлчөмдөрү менен көрсөткүчтөрү үч багытты камтыды: 1) улутун сүйүү касиети, туугандарына, жолдошторуна, жана өз улутуна болгон касиети; 2) элин сүйүү касиети айыл жерине, мекенине, элине жана туулган жерине болгон сүйүү касиети; 3) патриоттук касиеттери – мээримдүүлүк, чынчылдык, намыскөйлүк, аракетчилик жана билимге умтулуу сапаттары. Окуучулардын мекенди сүйүү сапаттары ушул багыттар аркылуу калыптанып, өнүгөт.

XX кылымдын башында кыргыз интеллигенциясынын мурастарынын тарыхый ойлорду калыптандырууга чоң таасир бергендиктен жана окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоодо мааниси зор болгондуктан окуу тарбия ишинин сапатын да арттырат.

Корутундуда кыскача жыйынтыктар чыгарылып, төмөндөгүдөй сунуштар берилди:

– кыргыз интеллигенциясынын, саясий-социалдык жана агартуучулук улутун сүйүүчүлүк иш-аракеттери менен таанышуу мектепте факультативдик сабакта жана жогорку окуу жайларында атайын курс аркылуу жүргүзүү;

– педагогикалык окуу жайларында кыргыз интеллигенцияларынын мурастарындагы мекенди сүйүү идеялар менен таанышуу үчүн педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхынын программасын толуктоо;

– мектеп окуучуларын мекенди сүйүүгө тарбиялоо максатында “Кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоо” деген атайын курсту өткөрүү.

Ошентип, кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоо боюнча жүргүзүлгөн изилдөө жана педагогикалык-тажрыйбалык иштерде коюлган милдеттер белгилүү бир деңгээлде аткарылды десек болот. Ошентсе да, бул изилдөө кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды мекенди сүйүүгө тарбиялоону толук чагылдырды деп айталбайбыз. Бул маселе дагы эле ар тараптан изилдөөнү талап кылат. Репресияга тушуккан интеллигенциясынын өкүлдөрүнүн, мурастарынын баалуулуктары дагы терең изилденүүгө тийиш.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөнкү иштерде жарыяланды:**

1. XX кылымдын 20-30-жылдарындагы интеллигенциянын улуттук патриотизм жµнïндµгï мурастары. Кыргыз-Казак байланыштары: кечээ, бïгïн, эртеў.–Б.: Бийиктик, 2007. – 276-277-бб.

2. XX кылымдын 20-30-жылдарындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу жаштарды Ата мекенди сïйïïгµ тарбиялоо // Вестник Иссык-Кульского университета. Гуманитардык илимдер сериясы. – Каракол, 2007. –№19. – 274-278-бб.

3. Көрүнүктүү илимпоздор жана чыгаан жазуучулар // КББАнын кабарлары. – 2008. – №1. – 66-69-бб.

4. Отанды суюге тарбиелеу // Средняя школа Казахстана. – 2008.– №4(62). – С.13-15.

5. Мугалімдердіў біліктілігін жогарылатуда XX гасырдыў басындагы кыргыз зиялыларыныў мурасын пайдаланып, интерактивті тасілдерді колдану аркылы тарбиелеу тажірибесінен // Средняя школа Казахстана. – 2008. – №2(60). – С.4-7

6. Окуучуларды Ата мекенди сïйïïгµ тарбиялоо кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар // Вестник КГУ им.И.Арабаева. Серия: Педагогика и психология. – Б., 2008. – №13. – С. 15-18.

7. Предметтик сабактарды окутууда кыргыз интеллигенциясынын мурасындагы баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сïйïïгµ тарбиялоoо маселелери // Вестник КГУ им.И. Арабаева. Серия: Педагогика и психология. – Б., 2009. – №14. – С. 80-84.

8. Ишеналы Арабаев жана башка кыргыз интеллигенциясынын µз ара байланышы // Вестник КГУ им.И. Арабаева. Серия: педагогика и психология. – Б., 2009. – №15.– С. 115-118.

9. Патриотическое воспитание школьников на основе национальных ценностей в наследии кыргызской интеллигенции начала XX века // Вестник КазНУ им. аль-Фараби. Серия: Педагогические науки, 2009. – №3. – С. 40-44.

Кутанова Рано Алымбековнанын ” Жыйырманчы кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар

аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясына


## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** окуу предмети, билим берүү, окутуу, тарбиялоо, калыптандыруу, кыргыз адабият, тарых, этнопедагогика, мурастардагы улуттук баалуулуктар , патриотизм, интерактивдүү окутуу.

**Изилдөөнүн объекти:** жалпы билим берүүчү мектептердеги окуу–тарбиялык процесс.

**Изилдөөнүн предмети:** XX кылымдын башындагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоо процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** XX кылымдын биринчи жарымдагы кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоонун теориялык түшүндүрмөсү жана практикалык иштелмеси.

– **Изилдөөнүн методдору:**

– проблема боюнча илимий-педагогикалык изилдөөлөргө, кыргыз интеллигенциясынын таалим-тарбиялык эмгектерине тарыхый-салыштырмалуу талдоо жасоо;

– тарбиялоо проблемасына, окуучулардын ишмердүүлүгүн калыптандырууга, окуу предметтеринин тарбиялык аспекттерине тиешелүү психологиялык, педагогикалык жана методикалык адабияттарга теориялык талдоо жүргүзүү;

– педагогика илимдерине мүнөздүү болгон тажрыйбалык-эксперименттик иштер.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** XX кылымдын кыргыз интеллигенциясынын мурастарындагы улуттук баалуулуктар аркылуу окуучуларды Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоонун маңызын, мазмунун, теориялык негизин аныктоо жана маазмундук курал модели иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Ата мекенди сүйүүгө тарбиялоону мектепин жогорку класстарында окутулуучу предметтерди окутуу жана сабактан тышкаркы убакта ишке ашырууда сабакты уюштуруунун жолдорун жана методдорун мугалимдер тарбия ишинин сапатын жогорулатуу максатында пайдаланса болот; аларга окуу материалдарынын мазмунун конструкциялоодо жана методикалык колдонмолорду жазууда жардамын тийгизет; изилдөөнүн теориялык жоболору педагогикалык окуу жайларынын студенттерине, жаш изилдөөчүүлөргө жана методисттерге тарбиялоо проблемаларын чечүүгө көмөктөшөт.


## РЕЗЮМЕ

диссертации Кутановой Рано Алымбековны на тему “Патриотическое воспитание учащихся посредством национальных ценностей наследия кыргызской интеллигенции начала XX века” на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования.

**Ключевые слова:** учебный предмет, образование, обучение, воспитание, формирование, кыргызская литература, история, этнопедагогика, национальные ценности наследий, патриотизм, интерактивное обучение.

**Объект исследования:** учебно–воспитательный процесс общеобразовательной школы.

**Предмет исследования:** процесс патриотического воспитания учащихся посредством национальных ценностей наследия кыргызской интеллигенции начала XX века.

**Цель исследования:** теоретическое обоснование и практическая разработка патриотического воспитания учащихся посредством национальных ценностей наследия кыргызской интеллигенции первой половины XX века.

**Методы исследования:**

– сравнительно-исторический анализ трудов по проблемам воспитания кыргызской интеллигенции, научно-педагогических исследований по данной проблеме;

– теоретический анализ психологической, педагогической и методической литературы, посвященной проблеме воспитания, формированию деятельности учащихся, воспитательным аспектам учебных предметов;

– опытно-экспериментальные работы, характерные для педагогической науки.

**Научная новизна исследования заключается в** определении сущности, содержания и теоретических основ патриотического воспитания учащихся посредством национальных ценностей наследия кыргызской интеллигенции начала XX века. Разработана структурно–содержательная модель патриотического воспитания учащихся посредством национальных ценностей наследия кыргызской интеллигенции начала XX века.

**Практическая значимость исследования:** Исследование можно использовать в школе учителями-воспитателями на уроке и во внеклассных воспитательных мероприятиях в целях формирования патриотических качеств учащихся посредством национальных ценностей наследия кыргызской интеллигенции начала XX века. Материалы диссертации могут использоваться при подготовке будущих педагогических кадров в вузе, при написании курсовых и дипломных работ, в создании научных трудов, на курсах повышения квалификации учителей, а также может оказать помощь авторам при составлении учебников и учебно–методических пособий, раскрывающих эффективные пути патриотического воспитания учащихся национальных посредством ценностей наследия кыргызской интеллигенции начала XX века.

**Rezume**

to the dissertation research of Kutanova Rano Alimbekovna on a theme « Patriotic education of schoolboys on the basis of national values in a heritage of the Kyrgyz intelligency of the beginning XX centuries» to search scientific degree of candidate of Pedagogic sciences on specialization of 13.00.01 – General pedagogics, history of pedagogics and education.

– **Of the Keywords:** scholastic subject, formation, education, development, kyrgyz literature, history , folk pedagogic, values in a heritage, patriotic, inter active education.

**Research object:** teaching and educational process of a comprehensive school.

**The subject of research:** process of patriotic education of schoolboys on the basis of national values in a heritage of the Kyrgyz intelligency of the beginning of XX century.

**The purpose of research:** a theoretical substantiation and practical development of patriotic education of schoolboys on the basis of national values in a heritage of the Kyrgyz intelligency of first half XX of century.

**The methods research** has served the philosophical and psychological pedagogical concepts opening essence of the doctrine about the person and a role of activity in its development, the personal active approach to studying a problem of use of national values of the Kyrgyz intelligency as means of patriotic education of pupils have served.

**Scientific innovation of research:**

– The essence, the maintenance and theoretical bases of patriotic education of pupils on the basis of national values in a heritage of the Kyrgyz intelligency of the beginning of XX of century a certain;
– The structurally substantial model of patriotic education of schoolboys on the basis of national values in a heritage of the Kyrgyz intelligency of the beginning of XX of a century is developed.

**The practical importance of research:** It could be used at school by teachers-educators in their lessons and extra educational activities,

Dissertation materials might be used in trainings of future teachers at the universities, in preparing scientific works, in writing course and diploma papers, at the prequalification courses of
Teachers. Also it would help authors in making textbooks and methodical appliances.